**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**

**ЫСЫК-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА ИССЫК-КУЛЬ**

# ЫСЫК-КӨЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН II СЕССИЯСЫ

## Т О К Т О М №3

29.01.2024-ж Михайловка а.

### 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин эркин каражатынын каражат бөлүү жөнүндө

Ысык-Көл айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы У.Бозгуновдун 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин эркин каражатынын бош калган каражатын бөлүү боюнча маалыматтарын, сунуштарын угуп жана талкуулап Ысык-Көл айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ысык-Көл айыл аймагынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эркин каражатынын бош калган каражаттарынын эсебинен төмөнкүдөй бөлүнүп берилсин:

-Ысык-Көл айыл аймагынына караштуу беш айылдын генералдык планын жасатууга 2500,0 миң (эки миллион беш жүз миң) сом.

- Айыл аймактын социалдык маселелерин чечүүгө коомдук алдын алуу борборуна 200,0 ( эки жүз миң) сом.

-Мобилизация учуруна машыгуу үчүн өздүк курамды камсыздандырууга аскер формасын алып берүүгө 100,0 (жүз миң ) сом.

-Мектепке чейинки балдарга “Бала борборун” уюштурууга 30,0 (отуз миң) сом.

-Жалпы Республикалык тесттен эң көп балл алган окуучуларга жана ЖРТ ге даярдаган мугалимдерге акчалай сыйлык берүүгө 60,0 (алтымыш миң) сом.

-“Турак жай жана коммуналдык чарба” бөлүмүнө күйүчү май сатып алууга 100,0 (жүз миң ) сом.

-Нооруз, Эгемендүүлүк күнүнө, Жаңы жыл майрамдарын өткөргөнгө - 144,5 (жүз кырк төрт миң беш жүз ) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эркин каражатынын бош калган каражатынан бөлүнүп берилсин.

2.Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Ысык-Көл айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы У.Бозгуновго жүктөлсүн, аткарылышын финансы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысынын м.а.Г.Касеновага милдетендирилсин.

**Төрага** **Т.Акунов**